

# «АЙТМАТОВ ОКУУЛАРЫ – 2016»

**Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары**
**«Ысык-Көл форумунун» 30 жылдыгына арналат**
**12-13-декабрь, Бишкек, Кыргызстан**

**Материалы Международной научно-практической конференции**

# «АЙТМАТОВСКИЕ ЧТЕНИЯ – 2016»

**Посвящается 30-летию «Иссык-Кульского форума»**
**12-13-декабря, Бишкек, Кыргызстан**

**Material's of International scientific-practical conference**

# «AITMATOV'S READING – 2016»

**Devoted to the 30th annivesary of the «Issyk-Kul forum»**
**December 12-13, 2016, Bishkek, Kyrgyzstan**


Подпись ____ заверяю
Ученый секретарь ____

**Асакеева Д.Ж.** Чыңгыз Айтматов жана «алтымышынчылар» деген атка
конгон кыргыз жазуучулары ........................................................................................ 129
Сатаева Г.С. Немис окумуштууларынын Чынгыз Айтматовдун билингвизми
тууралуу көз караштары ................................................................................................ 135
**Бурждубаева Д.Т.** Ч. Айтматов и русская классика ...................................................... 139
**Мамытбекова Ч. З.** К.Асаналиев о романах Ч.Айтматова ............................................ 144
**Асанбекова Н.А.** Кыргыз адабиятынын классиктери Ч.Айтматов менен К.Асаналиевдин
адабий алакаларынан ................................................................................................... 148
**Nazira Kurt.** Researching Chinghiz Aitmatov's books in foreign countries .......................... 152
**Чокоева Д.М.** Образдын семантикалык өзгөчөлүгү: экстраверттик,
интроверттик табияты .................................................................................................. 155
**Ibrahim Türkhan**. Postmodern tercüme ve yerellikten evrenselliğe ..................................... 161
**Сагынбеков И.** Ч.Айтматовдун, М.Ауэзовдун, А.С.Пушкиндин жана С.Каралаевдин
айтуусундагы "Манас" эпосунун эн жыш сөздөрүн салыштыруу ...................................... 164
**Абдырасулова Ж.С.** Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романында көркөм психологизмди
берүү чеберчилиги ........................................................................................................ 166
**Текешова М.Б.** Ч. Айтматовдун макала-маектериндеги тагдыр тууралуу ойлору жана
анын көркөм чыгармага трасформацияланышынын издери ............................................. 171
**Исмаилова Ж.** Түркиядагы айтматовтаануу илиминин айрым маселелери ..................... 174
**Тлеубай Г.К.** Концепты жизнь и судьба в романе Ч. Айтматова «Плаха» ........................ 178
**Качкынбай кызы Айгүл.** Ч.Айтматовдун искусство чеберлерине карата баасы ............... 182
**Өсүбекова Г.Т** Ашым Жакыпбеков чебер котормочу ...................................................... 185
**Осмоналиева Г.К.** Основоположники двуязычия и авторского перевода
в кыргызской литературе .............................................................................................. 189
**Шаргынова А.Е.** Языковая картина Ч. Айтматова: культурема «олень» ......................... 194
**Абдрешова Н.С.** «Традиционные, духовные и нравственные ценности
в произведениях Ч.Т.Айтматова» .................................................................................. 198
**Мухтаров А.Х.** Айтматов шығармаларындағы ізгілік мұратары ...................................... 203
**Муратова А.М.** Ч. Айтматовдун чыгармалары музыка искусствосунда ......................... 206
**Буряченко Т. И.** Формирование устной и письменной речи студентов на материале
художественных текстов Ч.Айтматова ........................................................................... 211
**Богачнева Г.М.** Воспитательное значение творчества Чынгыза Айтматова .................... 217
**Пушина Л.И.** Экзотизмы в повести Ч.Айтматова «Материнское поле» .......................... 224
**Абдулова В.Р.** Структурные типы вставных конструкций в тексте романа Ч. Айтматова
«Когда падают горы (Вечная невеста)» ........................................................................... 227
**Сакиева С.С.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттар: окутулушу,
үйрөтүлүшү жана тажрыйбасы ....................................................................................... 234
**Сатылган кызы Гүлнур. Жантаев А.** Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы адептик конфликт
жана каармандардын адептик тандоосу ......................................................................... 237
**Бектуров Т.М.** Ч.Айтматовдун «Кыямат» романында экологиялык
маселелердин берилиши ................................................................................................ 242
**Бабашева Б.** «Ботогөз булак» повестиндеги инвектива .................................................. 247
**Акматов К.К.** Чыңгыз Айтматовдун биографиясын "Эрте келген турналар" повести менен
биримдикте окутуу ........................................................................................................ 251
**Жусуева С.К.** Ч.Айтматовдун көркөм очерктериндеги
социалдык-нравалык маселелер ..................................................................................... 255
**Алтыкеева Н.Ж., Ниясалиева Б.А.** Ч.Айтматовдун «Чыңгызхандын ак булуту»
чыгармасындагы бийлик жана мансап маселесинин чечилиши ....................................... 259
**Дадебаев Ж.Д.** Шыңғыс Айтматовтың мифопоэтикасы ................................................... 262
**Келдибекова Ж.К.** Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы - теле журналистикада ..................... 267
**Исакбаева З.Т.** Жакшылык Ч. Айтматовдун романдарында ............................................. 269

Подпись ______ заверяю
Ученый секретарь ______
КГУ им. И. АРАБАЕВА

***Муратова Айнура Муратовна***
***И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика факультети, мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын улуу окутуучусу .***
***Бишкек шаары***
***dustdaram72@mail.ru***

## Ч. Айтматовдун чыгармалары музыка искусствосунда

***Аннотация**: макалада залкар жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча жазылган ар түрдүү музыкалык чыгармалар аталып, аларга талдоо жасалды.*

***Аннотация**: в статье перечислены и анализированы музыкальные произведении написанные композиторами и мелодистами Кыргызстана по произведениям Ч. Айтматова.*

***Abstract:** The article listed and analyzed musical work written by the composer and melodist of Kyrgyzstan on the works of Chingiz Aitmatov.*

***Түйүндү сөздөр:** музыка, балет, симфония, сюита, ырлар, композитор, либретто, хор, оратория.*

***Ключевые** слова: музыка, балет, симфония, сюита, композитор, либретто, хор, оратория.*

***Key words:** music, ballet, symphony, suite, the composer, the libretto, the chorus, oratorio.*

Бүгүнкү күндө кыргыз эли менен бирдикте чет элдик ми□деген окурмандар заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун чыгармаларынын сүйүктүү каармандары менен китептен аркылуу гана эмес, көгүлтүр экрандан, драма, опера жана балет театрларынын сахналарынан, сүрөт музейлеринен таанышып, алардын тагдырлары менен тагдырлаш да, шериктеш да болуп жашап келүүдө. Айтматовдун ар кыл мүнөздөгү каармандары менен баштагыдан кененирээк таанышуу мүмкунчулүгүнө искусствонун ар бир тармагы өзүнүн чоң салымын кошуп келет.

Айтматовдун сыйкырдуу калеминен жаралган канаттуу чыгармалары ар улуттун тилинде сүйлөп, ар башка өлкөлөрдө жашаган элдин жүрөгүнөн орун табышы – анын ар бир чыгырмасында жалпы адамзатка тиешелүү маселелер козголуп, адамдын коомдо элеген орду, эң башкысы адам тагдыры, турмушу көркөм чындыкта баяндалгандыгында.

Айтматовдун чыгармалары жөнөкөй, элестүү, поэтикалуу тил менен жазылган өзгөчөлүккө ээ. Анын ар бир чыгармасында образдар пейзаждык сүрөтөөлөр көркөмдөлүп, турмуш чындыгы менен терең айкалышып, терең философиялык мазмунга ээ. Мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен Ч. Айтматовдун дээрлик көпчүлүк чыгармалары искусствонун ар кандай түрлөрүндө - музыкада, сүрөт искусствосунда, драмада, кинодо өз өмүрлөрүн улантып келүүдө. Ч. Айтматовдун кайсы гана чыгармасын алып карабайлы экрандаштырууга, сахналыштырууга, музыка жазууга жана сүрөт тартууга ийкемдүү.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын ичинен алгач француз жазуучусу Луи Арогон тарабынан «Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян» - деп аталган «Жамийла» повести искусство чеберлеринин арасында зор кызыгууну жараткан.

Композитор М. Раухвергер «Жамийла» операсы жазган. Либреттосу Ч.Айтматов

Подпись ___ заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. Арабаева

менен С.Богомазовго таандык. Опера өнөрүнүн өзгөчөлүгүндө жазуучунун эски менен жаңынын күрөшүн даана тарткан эң асыл, эң кымбат адамдын керт башынын, акыл-сезиминин эркиндиги жөнүндөгү эң негизги маселе кандай сүрөттөлдү? Адабий булакты либереттого айландырып, музыка жазууда авторлор кандай чыгармачылык ийгиликтерге жетишишти? Биздин сүйүктүү каармандарыбыз Жамийла, Данияр, Садык, Сейиттин образдары операда кандай чагылдырылды? Ар бир окурманды ойлондуруп, ошол каармандардын образын опера искусствосунун мүмкүнчүлүктөрү менен көрүү кызык болсо керек.

«Жамийла» операсынын окуясы, повесттегидей эле кыргыз айылы, биринчи сүрөтү 1941-жылдын жазы, калган сүрөттөрү Улуу Ата Мекендик согуш жылдарын чагылдырат. Лирикалык-психологиялык сезимге жык толгон «Жамийла» операсында повесттеги окуялар толугу менен камтылган.

Башкы карман Жамийланын образы операда башкача мүнөздө берилген, махабат азаттыгынын жарчысы Жамийла – секелек кезинен ат ойнотуп жылкыда өскөн, өтө чыйрак, эмгекчил, намыскөй, жалтанбаган өткүр, шайыр, жарык жүздүү Жамийла операда бир аз басыңкы мүнөздө берилет.Жамийланын образын ачкан номерлер лирикалуу, ойлуу обондор менен коштолот. Ал эми повесттеги Садыктын чакан образы операда терендетилген өзгөчө анын эскинин туткунунда чырмалып калганы, оройлугу, Жамийлага кылган мамилеси жана башка жат жактары көбүрөөк сүрөттөлгөн. Адамдык асыл сапаттарга бай, аз сүйлөгөн, жаратылышты жан дүйнөсү менен сүйлөгөн, асыл махабатты ыйык туткан Даниярдын образы операда дароо ачылат.Ал эми Данияр менен Жамийланын сүйүүсүнүн баяндамачысы – Сейиттин образы операда бир аз жөнөкөй сүрөттөлгөн.

«Жамийла» операсында хорлорго, ырларга кеңири орун берилген. Алардын ичинен салтанатуу хор гимни, жоокерлердин ыры, албан эмгекти даңктаган ыр, аялдардын хору, Жамийла менен Даниярдын дуэти, Даниярдын «О Ала Тоо, Ала –Тоо ариясы, «Беш ыргайдын» негизинде жазылган шайыр ыр операнын жалпы мүнөзүн ачып турат. Композитор операны жазууда кыргыздын элдик обондоруна да кайрылган. Ролдордо А. Мырзабаева. М. Махмутова, Г. Сатаева, С. Токтоналиев, М. Темирбеков ж. б. аткарышкан.

«Кызыл жоолук жалжалымдын» повестинин негизинде жазылган «Асел» балети. Айтматовдун каарманы Жамийла созолонто ырдаса, Асел ийиктей чимириле бийледи. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» повестинде баяндалган окуялардын байлыгы, кызыктуулугу,көркөмдүүлүгү, композициялык түзүлүшү, каармандардын мүнөздөрүнүн ар кылдыгы, тагдырларынын татаалдыгы, психологиялык тереңдиги, чыңалган драматизм, нукура музыкалуулугу балеттин жаралышына негизги уютку болду.

Балеттин автору В. Власов. Либероттосу Б.Халилов менен Н.Харитоновго таандык. Балет баш каараман Аселдин аты менен аталган. Балеттин эпилогунда үч тагдырдагы, үч турмуштагы адамдардын жолукканы, Илиястын Аселди жер кезип издегендиги, сүйүүнүн өчпөгөнү, Аселдин кайра кайрылбастыгы, Байтемирдин бүт өмүрү Асел менен Саматка арналган, Илиястын Аселди өзүнө чакырганы айтылат. Акырында жалгыз калган Илиястын «Кош Асел, кош менин кызыл жоолук, кымча белим. Кош менин сүйгөнүм. Бактылуу бол» - деп Асел менен кош айтышкан монологу жаңырат.

Кыргыздын тунгуч балети «Аселди» У. Сарбагышев койгон. Балеттеги баш каарман Асел Айсулуу Токомбаеванын аткаруусунда биринчи берилген. Илиястын образы – Б. Алыбаев, Б. Арунов, А. Ирсалиевдердин аткаруусунда сахнага чыкты.

Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» аттуу повестинин негизинде композитор

Подпись ____ заверяю
Ученый секретарь ____
КРУ [illegible]

Калый Молдобасанов балет-оратория жазган. «Саманчы жолу» балет – ораториясы, кыргыз профессионалдык музыкасына жаңылык киргизген. Музыка искусствосундагы эки чо□ жанр – балет жана опера жанры биримдикте бир бүтүн болуп чыгарманын негизги идеясын ачып берген.

Жер, дан, гуманизм, граждандуулук жөнүндөгү терең мазмундуу бул чыгармада эң жогорку баатырдык менен лиризмди, терең философиялык ой жорууларды музыка менен айкалыштырган. Либреттону жазууда М. Ахунбаев менен К. Баялинов эмгектенишип, алар баш каарман Толгонайдын, Жер Эненин образдарын толук бойдон балет-ораторияда берүүгө аракеттенишкен. Жөнөкөй кыргыз аялынын өмүрлүк жарын, үч уулун, келини Алимандан айрылган Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарындагы жоготуусу сүрөттөлөт. Бирок, ошондой болсо да кайраттуу, күжүрмөн аялдын образы ачып берилген. Ага жашоого үмүт берген жанында Алимандын уулу.

«Саманчынын жолу» үч көрүнүштөгү балет-оратория. Балет – оратория киришүү менен башталат, анда балеттеги негизги лейттемалар камтылган.Биринчи сүрөт Толгонай менен Субанкулдун адажиосу – бейпил жашоо, бактылуу сүйүү,кенен, ачык мүнөздөгү лирикалык вальс музыкасы менен берилет.Экинчи сүрөт «Толгонайдын бактысы» деп аталып, лирикалык мүнөздө, вальс темпинде, жалгыздык темасына жакын, кайгылуу, бирок биринчи сүрөттөгү Толгонайдын «Бешик ырынын» кайталоосу менен бактылуу турмушту чагылдырып аяктайт.Бирок, ушул бейпил турмушту «Согуш» деген суук кабар бузуп, элдин кайгылуу үнү оркестр аркылуу берилет. Согуш темасы драмалык кульминацияга чыгып, баш каармандар – Субанкул, Касым, Жайнактардын өлүмү кошок мотивинде сүрөттөлөт. Балет – ораторияда да повестегидей Толгонайдын трагедиясынын кульминациясы – келини Алимандан айрылышы. Ушул трагедиялык учурду ачып берүү үчүн автор чыгармадагы бардык лейтмотивдик темаларды пайдаланган.

К. Молдобасанов «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына кайрылган себебим, улуу жазуучунун чыгармаларынын бардыгы музыкалуу. Мен жазуучунун тигил, же бул повестин, романын окуганымда, музыка жазып жатканымда кайсы окуяга кандай музыка, кайсы образдарга кандай музыка, кандай бий менен бийлерин көз алдыма элестетип, көрүп, билип турам» - деп айткан.


Толгонайдын жаш курагын - бийлөөчү, карыган кезин – сүйлөөчү, ал эми Жер Энени – хордо ырдоо ыкмасында беришкен. Бул балет – ораториянын бийин У. Сарбагышев койгон.

«Саманчынын жолу» балет-ораториядагы Толгонай, Субанкул, Касым, Майсалбек, Жайнак, Жер эне, Алиман бири-бирине окшошпогон, бирок бирдиктүү ойду түзгөн мүнөздөмөлөр, образдар менен устаттыкта берилген. Айрыкча «Саманчынын жолунун» жанрдык чегинин кеңейиши, башкача айтканда хордук жана декламация, хордо жана жеке ырдоонун, симфониялык музыканын киргизилиши спектаклди бийиктикке көтөрүп турат.

Балет-ораториянын маңыздуулугун ар тараптан арттыртып, көп жактылуулугун көтүрүп турган касиеттердин бири – хордук номерлер. Хорлор кубатуу оркестрдик партитуралар менен айкалышып, чыгарманын салмагын, сапатын дагы бийик көтөрүп, тереңдетип турат, башкача айтканда хор «Жер-Эненин ыйы» сыяктуу адам менен кошо ыйлап, анын кайгы-капасын тең бөлүшөт.Мына ушул Жер - Эненин ыйы «Аза» ошол согуш жылдарындагы бардык энелердин ыйын берип тургандай таасир калтырат.

**Аза . Жер – Эненин монологу**

Жай, му□дуу



Ушул эле композитор К.Молдобасанов Ч.Айтматовдун “Кылым карыткан бир күн” чыгармасынын негизинде «Манкурт жөнүндө баян» балетин жараткан. Бул жөнүндө: “Мен «Манкурт жөнүндө баян» аттуу балетти жазууда жарым кылымча издендим. Ары-бери ойлондум. Акыры Манкурттун тилин таптым. Анан балетти жаза баштадым. Менден жолдош жоролор, көрүүчү-угуучулар: «Кайсы балетиңди жакшы көрөсүң» деп сурашат. Сөзсүз биринчи баламдай болуп калган элдик музыканын өзөгүндө жазган «Куйручукту» жакшы көрөм. Ал эми «Саманчынын жолу» балет-ораториясы башка стилде, балет өнөрүндө болбогон жанрда жаздым. Манкурттун трагедиясы кылымдын кайгысы. Ошондуктан бул балетимдин музыкасын башка стилде жазууга аракеттендим. Чынын айтсам «Манкурт жөнүндө баян» аттуу балетимди жакшы көрөм» - деп белгилеп өткөн өз кезегинде композитор К. Молдобасанов.

К.Молдобасановдун «Манкурт жөнүндө баян» балетинин музыкасынын мүнөзү ачык, бийге ийкемдүү, музыкалык көркөм каражаттар бай колдонулган, актуалдуу маселени чыгалыдырып, ар бир көрүүчүгө чоң таасир берүүчү чыгарма.

Симфония жаатында М. Абдраев «Кызыл жоолук жалжалым» повестинин нэгизинде «Илиястын баяны» аттуу программалуу, эпикалык мүнөздөгү симфониялык поэманы жараткан.

Ал эми кыргыз музыкалык маданиятында композитор, дирижер жана концертмейстер катары таанымал С.Полуэктов Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинин негизинде «Биринчи мугалим» симфониялык поэмасын жазган.

Композитор жана дирижер Жумабаев Эсенгул Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинин негизинде «Жомоктон кийин» камералык музыкасын жазган.

Азыркы күндүн улуу композитору Муратбек Бегалиев жазуучу Ч. Айтматов менен болгон көп жылдык чыгармачылык байланышынын натыйжасында солисттер, хор жана симфониялык оркестр үчүн «Кылым карытар бир күн» ораториясын, камералык оркестр үчүн «Настольгияны», «Ысык-Көлдү сагынуу» аттуу жана башка чыгармаларды жазган.

«Ысык-Көлдү сагынуу» ырынын негизги текстик идеясы улуу жазуучунун өзүнө таандык. Жазуучу алыста жүрүп, эли – жерине, кыргыз жеринин, элинин чоң байлыгы Ысык – Көлгө болгон сагынычын кагаз бетине чиймелеген, аны залкар композитор Муратбек Бегалиев музыкага салып, элдин алдына заманбап ырчы Гүлнур Сатылгановanын аткаруусунда тартууланып келет. Ырдын мүнөсү кусалуу,жай жүрүштө.

**Ысык-Көлдү сагынуу**

Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ

Обону Муратбек Бегалиевдик

орточо,кусалуу сөзү Чынгыз Айтматов




Байыркынын, бабалардын,
Сөзү калды көл бетинде.
Балалыгым эстен чыкпайт,
Изим калды көл четинде.
Кыялымда учуп барам,
Бийик чоку кар үстүнөн.
Кылым карып, кырлар ашкан,
Кыргыз көлү чөкпөсө дейм.

Композитор С. Бактыгулов Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы боюнча жазылган пролог жана эпилогдуу 4 бөлүмдөн турган симфониялык сюитаны жараткан. Бул чыгарма С. Бактыгуловдун өзгөчө Бостондун трагедиялык финалына жана Иисустун асылуу эпизодуна жазган музыкалык бөлүгү жан дүйнөнү аралап өтөт. Режиссер А. Сарлыкбеков койгон «Кыямат» спектаклинде музыкалык жактан толуктоолор менен пайдаланылган.

Мындан башка казак композитору И. Жаканов «Жамийла» повестинин негизинде «Эңсеген менен обонум», К. Тагаев «Жаныбарым, Гүлсарым», «Көлгө чөккөн махабат», Раймалы менен Бегимайдын ыры, обончу Т.Казаков «Илиястын ыры» жана ошондой эле заманыбыздын белгилүү обончуларынын бири С. Бейшекеев да Айтматовдун чыгармаларына кайрылып, «Аселге кат», «Жамийланын ыры» жана «Маңкурт баяны» дастанын жараткан.

Обончу К.Тагаевдин ыры Эрменбек Токтогуловдун сөзүнө жазылган.Ырдын обону менен адабий тестин шай келиши, Ч.Айтматовдун Гүсары атына канат бүтүрүп тургандай:

Деп ошондо кыргызымдын тулпары,
Күлүктөрдөн күлүк чыккан Гүлсары.
Ак ма□дайга алтын нуру төгүлүп,
Дүбүртү□дөн дү□гүрөдү жер шары.
Эр манастын куласындай чуркасын,
Жаныбарым, жаныбарым Гүлсарым.
Жел жетпеган учкул канат боло көр,

Подпись ... заверяю
Ученый секретарь

Темингенде тегеренип жер шарын.

Ошентип, Айтматовдун канаттуу чыгармаларынын сыйкырдуу күчү кыргыз музыкасында ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды жараттырып, угуучулардын калың катмарыны терең сиңе берет деген ойду айткым келет.

**Колдонулган адабияттар:**


1.Ала –Тоо та□шыйт: Обондуу ырлар:Жаштар үчүн/Түз.Б.Алагушов. – Б.: 2012.-448 б.

2.Алагушов Б. жана башкалар Кыргыз музыкасынын тарыхынан.Ф.: -Мектеп, 1989.- 208 б.

3. Кыргыз музыкасы: Энциклопедиялык окуу куралы [Текст] / Башкы ред.Ү. Асанов; Авт. – түз.Б.Алагушов. - Б.: Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору,2004.- 400 б.



Подпись ____ заверяю

Ученый секретарь ____